**БЕКИТЕМИН**
**Ош областынын Араван**
**районуна караштуу №9 Бостон**
**орто мектебинин директору**
**Джураева М.М.________**
**____________2023-ж.**

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын жайылтышы тууралуу**

**АКТ**

13. **Ишке ашыруунун автору:** Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна

14. **Илимий иштин аталышы**: "Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү"
15. **Аннотация:** Элдик педагогикада ата-энелер балдарын адам коомундагы эмгектин маанисин толук аңдап билүүгө, эмгекти сүйүүгө жана эмгекчил болууга, эмгектенген адамдарды сыйлоого жана урматтоого, башка муктаж адамдарга кол күчү менен жардам берүүгө, үй тиричилигине кичинекей кезден аралашууга, жатып ичер жан бактылар менен аёосуз күрөшүүгө тарбиялап келген. Ал учурда бала бакча да, мектеп да, мугалим да, университет да эмес, эң башкы эмгекке тарбиялоочу үй-бүлө, андагы ата жана эне болгон. Улуттук педагогикада эмгекке тарбиялоонун негизги максаты жумуш кылуу аркылуу акыл-эси, дене-бою өнүккөн, турмушта эмгекке бышкан, ак эмгек кылууга, мээнеткеч болууга тарбияланган инсанды жетилдирүү болгон. Мына ушул салттуу тарбиялоо ыкмалары азыркы мектеп окуучуларын эмгекти сүйүүгө, эмгекчил болууга үйрөтүү, көнүктүрүү процессинде да өтө зарыл баалуулук экени биздин изилдөөдө тастыкталды
16. **Натыйжасы:** Педагогикалык тажрыйба көрсөткөндөй биз сунуш кылган тарбиялык ыкмалар, жолдор, каражаттар жана технологиялар азыркы мектептин тарбиялоо процессинде колдонууга ылайыктуу экендиги

тастыкталды. Кыргыз элинин үй-бүлөлүк педагогикасында эмгекке тарбиялоо башкы орунда болгон, анын негизги идеясы – инсандын жумушка болгон кызыкчылыгын арттыруу, ак эмгек менен акча табуу, үй-бүлөсүн багуу, эмгек аркылуу гана анын эл жана коом алдындагы милдетин, жоопкерчилигин сезе билиши менен тыгыз байланышат жана бул идея азыркы учурда билим берүү тармактарында иштеп жаткан мугалим-тарбиячы тарабынан туура пайдаланылса, окуучулардын гуманисттик сезими, мекенчилдиги, абийири, өзүн-өзү жана өзгөлөрдү сыйлоо маданияты, Ата журт үчүн эмгектенүү ишмердүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанары биздин илимий-педагогикалык изилдөөбүздүн ушул главасында ар тараптуу көрсөтүлдү жана тажрыйбада текшерилип, биз сунуш кылган ыкмалар майнаптуу экендиги далилденди.

17. **Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Иштелип чыккан педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу Араван районундагы Бостон орто мектебинин окуучуларынын катышуусунда 2017-2020-окуу жылдары изденүүчү катары эксперимент аркылуу апробацияланды.
18. **Ишке ашыруу формасы:** Окуу предметтери жана алардагы эмгекке тарбиялаган темалар. Салттуу үй-бүлөлөрдүн эмгекке тарбиялоо тажрыйбаларын үйрөнүү. Элдин арасында азыр да колдонулуп жүргөн эмгек процессине катышуу (кырман басуу, килем согуу, кийиз жасоо, жүн тытуу, көчөт отургузуу, курулуш тургузуу ж.б. ашар иштери). Мейман тосуу, мейман узатуу салттарына аралашуу. Эмгек алдыңкылары, ар түрдүү кесип ээлери менен жолугушуу ж.б. негизинде изилдөөбүз ишке ашырылды.

**Директордун окуу иштери боюнча**

**орун басары:** **Бекеева Р.**

**Мугалимдер:** **Копматова Г.**

**Осмоналиева Т.**

**МЧжББПжМ кафедрасынын башчысы: п.и.к., доц. Кадырова М.С.**

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВА
ЗАВЕРЯЮ
Начальник ОК
«14» 12 2023 г.